## Аскар Сыдыков:

# ЛУЧШАЯ РЕКЛАМА СТРАНЫ – ЭТО КОЛИЧЕСТВО РАБОТАЮЩИХ В НЕЙ ИНВЕСТОРОВ

**Сергей ИВАНОВ**
Фото редакции



**В Кыргызстане с 2000-года года работает Международный деловой совет. Общественная организация объединяет в своих рядах более 110 компаний с отечественным и иностранным капиталом, партнеров по развитию и дипломатические представительства.**

Как указано на официальном сайте организации, она тесно сотрудничает с правительством, местными и международными организациями в борьбе с коррупцией, в изменении законов и практик, которые препятствуют социальному и экономическому развитию Кыргызстана. На вопросы об инвестиционном климате Кыргызской Республики, перспективных отраслях экономики, налоговой политике газете «Шелковый путь. Культурное развитие» ответил исполнительный директор МДС Аскар Сыдыков.

### ПРО НАЛОГИ

***- Аскар Куттубекович, как Вы оцениваете постановление правительства «О преференциальных населенных пунктах», согласно которому новые производственные предприятия, созданные после 1 января 2019 года в регионах, будут освобождены от четырех видов налогов – на прибыль, имущество, с продаж и земельный?***

- Думаю, это решение принято в рамках указа президента КР о развитии регионов и цифровизации страны. Обычно правительство нехотя идет на снижение налоговой ставки, скорее, наоборот. Раз приняли, значит, вопрос проработан. В целом регионы нужно поощрять, так как сами знаете об уровне внутренней миграции. К тому же, создавая в регионах производственные мощности, будут привлекаться новые технологии, инновации, появится необходимость готовить местные кадры. Аналогичные меры предпринимаются в Узбекистане. Если не ошибаюсь, там вообще освобождаются от всех видов налогов на первое время. Там недавно объявили, что освобождается от всех видов налогов. Если человек смог сам себя обеспечить работой, не обременяя правительство, то ему не нужно платить налоги. Мы приветствуем такие меры и постоянно призываем правительство вести последовательную фискальную политику. Если, скажем, государство решит повысить налоги, то они должны оставаться на прежнем уровне для уже работающих компаний.

***- В деловых кругах отмечают, что в КР относительно низкие налоговые ставки, есть ли в этом заслуга МДС?***

- Думаю, что да. Приведу примеры. В прошлом году по инициативе Министерства экономики хотели поднять ставку налога с продаж с 2 до 5 процентов для наличных расчетов. Совместно с другими бизнес-ассоциациями Мы смогли убедить правительство не делать этого, и к нам прислушались. Не без нашего участия сохранен налог на доходы золотодобывающих компаний на прежнем уровне. Там есть такая сетка, как 1, 3,5, 7 процентов. И правительство намеревалось повысить на 2 процента каждую позицию. Последние несколько лет не были повышены платежи за удержание лицензии горнодобывающим компаниям. Их планировали повысить чуть ли не в 10 раз. Но мы провели целое исследование о вкладе золотодобычи в экономику КР и о возможном влиянии фискальных инициатив. Убедили не повышать ставки бонусов. Бонусы - это платежи за пользование недрами, когда при обнаружении новых полезных ископаемых и постановки их на баланс компания оплачивает бонус. Мы убедили, что это будет мотивировать компании приходить и искать новые полезные ископаемые.

Еще два года назад смогли убедить парламент не вводить таможенные пошлины на вывоз руды и концентрата драгметалла. Благодаря конструктивному государственно-частному диалогу нам удается сохранять налоговый режим привлекательным для иностранных инвесторов. У нас действительно низкие, конкурентные налоговые ставки. Мы сейчас работаем над социальными отчислениями. Они довольно обременительные: 17,25 процента идут в Социальный фонд, плюс 10 процентов от работника. Это не стимулирует предприятия выплачивать зарплату по «белому».

***- А как Вы убеждаете правительство не повышать ставки налогов? Ведь налоги повышают с целью поиска источников для покрытия определенных государственных расходов или реализации определенного проекта?***

- Мы объясняем, что нужно расширять налоговую базу, а не повышать налоговые ставки, как это делается во всем мире. Когда благоприятный налоговый режим, то и предприятий будет больше. Если вчера налоги платили условно 5 компаний, то завтра будут платить 10 компаний. Мы объясняем, что повышение налогов может дать краткосрочный эффект, а завтра инвесторы могут уйти. А послезавтра есть риск не получить и того уровня налогов, который был.

***- А налоговая база увеличивается? Исследования проводили?***

- Если взять горнодобывающую отрасль, то до 2015 года были платежи в основном с предприятия «Кумтор». С тех пор введено в эксплуатацию месторождение «Бозумчак», которое в год дает около $10 миллионов налогов. Компания «Алтынкен» начала работать, по-моему, в 2016 году и в год выплачивает на уровне $10 миллионов налогов. На пороге разработка второго по объему запаса золота месторождения «Джеруй», (более 100 тонн). Сейчас около 10 горнодобывающих компаний дают 20 процентов от всего объема налоговых поступлений в стране. То есть каждый пятый сом в бюджете от этих 10 предприятий. А представьте, если введем в строй еще 10 таких предприятий?

Каждый год, если не ошибаюсь, 5 миллиардов сомов идет на финансирование сельского хозяйства. Это льготные кредиты фермерам. Откуда эти деньги? Из бюджета, за счет собираемых налогов в других отраслях. Мы не должны отпугивать инвесторов. Любой потерянный инвестор - это негативная информация для других инвесторов. Он говорит другим, мол, в этой стране можно работать, или, наоборот, в этой стране лучше не работать, здесь опасно, налоги повышают каждый год. Мы можем бесконечно рекламировать страну, но если ее не рекламируют работающие здесь инвесторы, то наша реклама не даст эффекта.

***- В октябре 2017 года при обсуждении проекта концепции фискальной политики КР на 2017-2040 годы Вы выступили против статьи, согласно которой руководитель и бухгалтер обязаны иметь гражданство КР. Эта статья осталась или ее исключили?***

- Это была инициатива, и она дальше не прошла. Сейчас обсуждается другая инициатива, позволяющая правоохранительным органам ограничить выезд за пределы страны руководителю и бухгалтеру компании. Она нарушает права человека и может отрицательно повлиять на инвестиционный климат.

***- А как объясняют инициаторы такое новшество?***

- Соображениями в части уплаты налогов. Если, скажем, у компании есть задолженности по налогам, то ее руководитель не может выехать за пределы страны.

### ВАЖНА РОЛЬ УСПЕШНЫХ ИСТОРИЙ

***- Почему иногда происходят конфликты между компаниями и местным населением? В чем причина таких разногласий?***

- Это вопрос сложный, комплексный. С одной стороны, в недостаточной мере идут разъяснительные работы. В СМИ много негатива. Общественное телевидение, которое существует за счет наших налогов, должно просвещать население о выгоде работающих на местах компаний. Телевидение должно вот эту социальную функцию выполнять. В принципе оно показывает положительные моменты от деятельности иностранных предприятий, но нужно улучшать передачи. И сами государственные служащие должны вести разъяснительную работу. Помню, в 2013-2015 годах велась очень активная работа, сам директор тогда еще Агентства геологии ездил и встречался с населением тех мест, где были недопонимания. Когда люди слышат из первых уст убедительные доводы, они воспринимают ситуацию по-другому.

Очень важна роль успешных историй. К примеру, можно было показать, как деятельность компании на месторождении «Бозумчак» повлияла на местную инфраструктуру, на жизнь людей. К примеру, жители сел делают соки и поставляют продукцию на предприятие. Увидев такое, и другие села могут сделать для себя выводы.

Поводом для конфликта местного населения и инвестора могут быть корыстные цели третьих лиц. Преследуя свои цели, они могут настроить против людей. Еще очень важна роль межбюджетных отношений. Чтобы средства, получаемые от объектов, справедливо использовались. Иногда в регионах, где начали работать горные компании, урезают субсидии. В итоге местное население не чувствует разницу. Новые источники дохода появляются, но прежние урезаются, и уровень жизни остается прежним. И народ думает, что ему нет особой выгоды от предприятия. Еще есть вопрос потенциала местной власти. Бывает, что деньги есть, но представители власти не могут их эффективно использовать. Нужна программа развития местности. Нужно не просто вкладывать средства в ремонт школ, больниц, но и создавать малые предприятия, приносящие прибыль. Нужна скоординированная работа республиканских властей, местной власти, бизнеса и общественности.

Что касается социального пакета, то инвестор и так платит налоги, чтобы на эти деньги государство реализовывало на местах свои социальные обязательства. Школы, больницы, детсады, дороги - это обязанность государства. Например, если власть скажет, что в этом году будет строиться школа в таком-то селе, а в другом только через несколько лет, то население не особо будет оспаривать, поскольку понимает, что власть все планирует. А если такое инвестор скажет, то его никто не будет слушать, а будут требовать, чтобы он построил школы в обоих селах. Считаю, что не нужно инвестора оставлять один на один с населением, государство тоже должно работать.

***- Бывает, что и инвестор не тот, за кого он себя выдает. Можно ли создать реестр инвесторов, где можно было бы отследить его историю?***

- Хороший вопрос. Мы постоянно напоминаем, что нужно работать со всемирно известными компаниями, которые себя хорошо проявили в других странах. К примеру, в Таласе работала компания «Голд Филдс». Это третья в мире золотодобывающая компания. Их геологический лагерь два раза поджигали, и компания ушла. На их место пришли те, кто менее состоятелен, кто не имеет такого авторитета, как их предшественники. Но если мы и их не удержим, то придут инвесторы еще более низкого уровня. В наших силах сделать так, чтобы инвесторы были высокого уровня. А проверить всех инвесторов очень сложно.

## ПРОБЛЕМА С ИСПОЛНЕНИЕМ ЗАКОНОВ

***- После вступления в ЕАЭС мы начали говорить о Кыргызстане как о стране, где можно открыть предприятие и экспортировать продукцию в страны экономического союза - Россию, Казахстан и в другие. Но не лучше ли инвестору создать предприятие в самой России или Казахстане и там реализовать продукцию, не неся расходы на транспорт?***

- Во многих отношениях действительно легче открыть свой бизнес в России или Казахстане. Но у нас есть большие преимущества - это дешевые рабочая сила и электроэнергия, низкие налоговые ставки и стоимость других услуг у нас ниже. Недавно получил информацию, что Кыргызстан вошел в пятерку стран мира, где самый дешевый мобильный интернет. Однако есть проблема с исполнением законов. И по этой причине инвесторы могут предпочесть открыть бизнес в том же Казахстане или в России.

***- Что может предложить Кыргызстан для инвесторов, кроме семи отраслей экономики, (энергетика, сельское хозяйство, туризм, горнорудная промышленность, легкая промышленность, транспорт и строительство). Есть еще отрасли, куда можно вложиться?***

- Конечно есть. Например, в IT-технологии. Наш соотечественник Азиз Абакиров открыл IT-академию. Там за 9 месяцев могут подготовить программиста. В этой части можно внедрять аутсорсинг услуг. Те же колл-центры. К примеру, некоторые бренды в Европе, чтобы не держать дорогой штат колл-центра, передают его на аутсорсинг, например в Пакистан. Человек звонит по горячей линии, а ему отвечают, консультируют в Пакистане. Потребителю ведь без разницы, из какой точки получить информацию. Население у нас двуязычное. Сейчас много молодежи, владеющей английским языком. То есть можно у нас делать аутсорсинг колл-центров.

> – МЫ МОЖЕМ БЕСКОНЕЧНО РЕКЛАМИРОВАТЬ СТРАНУ, НО ЕСЛИ ЕЕ НЕ РЕКЛАМИРУЮТ РАБОТАЮЩИЕ ЗДЕСЬ ИНВЕСТОРЫ, ТО НАША РЕКЛАМА НЕ ДАСТ ЭФФЕКТА.

Мы можем стать одним из центров образования. Недавно на кыргызско-индийском форуме индийская сторона предложила создать у нас горный институт образования, где будут готовить медиков и других специалистов. Каждый год наши учебные заведения заканчивают 4,5 тысячи человек из Индии. Мы можем привлекать студентов из Казахстана, Узбекистана. Люди едут учиться в страны, где есть демократия, свобода. Мы можем стать таким островком образования. Можно развивать медицинский туризм. К нам часто едут из соседних стран на лечение. Многообещающий сектор финансы, мы можем предложить финансовые услуги. Скажем, компании, которые хотят платить меньше, могут у нас открыть фирму, а работать в России или другой стране.

***- Как Вы считаете, мораторий на проверки субъектов предпринимательства приносит результаты?***

- Вопрос спорный. Звучит красиво, мораторий на три года и так далее. Туда включили такие службы, как санитарные, пожарные, то есть те службы, которые должны проверять. Ведь речь идет о здоровье, безопасности населения. Мы бы приветствовали ограничение проверок со стороны фискальных органов.

***- Как Вы считаете, за какой отраслью экономики будущее КР?***

- Думаю, за услугами. Финансовыми, образовательными, туристическими и другими. Скажем, мы можем стать авиахабом. Как известно, Кыргызстан находится на середине пути между Европой и Юго-Восточной Азией. Отсюда и сопутствующий туризм, когда люди, ждущие в аэропорту сутки своего вылета, могут без визы выехать посмотреть город.

БАЙ ТАШ ГРУПП «宝石»集团

«Бай-Таш» Групп имеет четыре направления деятельности:

**I. РАЗВИТИЕ И РЕАЛИЗАЦИЯ ПРОДАЖИ НЕДВИЖИМОСТИ**

● 2 строящихся объекта в процессе продажи, в том числе:

1-ый объект: «Elite Residence»-«Элитная Резиденция»-17-этажный высококачественный многоквартирный дом, находится на ул. Токтогула 165 (на северо-западном угле пересечения ул. Токтогула-Исанова, южная сторона Bishkek-Park);

2-ой объект: «Bay Tash Tower»-«Бай-Таш Башня», в центре Бишкека, 20-этажный многоквартирный дом высокого стандарта с торговым центром, находится на ул. Киевская 76 (на юго-восточном угле пересечения ул. Киевская-Тыныстанова).

**II. АРХИТЕКТУРНЫЙ ДИЗАЙН**

● Комплексное планирование города и деревни- Квалификационный сертификат II категории;

● Проектное планирование и структурное проектирование жилища, общественного и производственного здания-Квалификационный сертификат I категории;

● Прочие соответствующие комплектующие квалификационные сертификаты и т.п.

**III. СТРОИТЕЛЬНЫЕ РАБОТЫ**

● Выполняет различные строительные и монтажные работы, в том числе:

– Генеральный подряд строительных работ, строительство зданий, каменно-земляные работы, готовая конструкция-Квалификационный сертификат I категории;

– Соответствующие квалификационные сертификаты на монтаж стальных конструкций, подключение водоснабжения и электроэнергии, строительство дорог и т.п.

**IV. СДАЧА В АРЕНДУ ТЕХНИКИ ДЛЯ СТРОИТЕЛЬНЫХ РАБОТ.**

САЙТ КОМПАНИИ: HTTP://BAYTASHGROUP.KG/, АДРЕС КОМПАНИИ: Г.БИШКЕК, УЛ.ИБРАИМОВА 100 (ПЕРЕСЕКАЕТ УЛ. КИЕВСКАЯ, НАПРОТИВ ДОРДОЙ ПЛАЗЫ), КОНТАКТЫ: +996 312 90 33 33 / +996 552 90 33 33 (ПО-РУССКИ И ПО-КЫРГЫЗСКИ) +996 709 03 33 33 (ПО-КИТАЙСКИ, ПО-РУССКИ И ПО-КЫРГЫЗСКИ)

## Аскар Сыдыков:

# «КЫРГЫЗСТАН ҮЧҮН КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮ ФУНКЦИЯЛАРЫ ДАГЫ КИРЕШЕЛҮҮ БУЛАКТАРДЫН БИРИ БОЛМОКЧУ»

**Чолпонай ТУРДАКУНОВА**
Сүрөт интернеттен алынды

**«Жаштар-биздин келечегибиз»-деп, ар дайым айтып келебиз. Билимдүү, ар тараптуу өнүккөн, элин ойлогон жаштарыбыз арабызда көп. Алардын бири, келечектен көптү үмүттөндүргөн Эл аралык ишкерлер кеңешинин аткаруучу директору Аскар Сыдыков.**



Аскар Сыдыков биздин гезитке инвесторлорду коргоо, алар менен иштешүү заман талабы экендигин айтып, кызыктуу маек куруп берди. Муну менен катар эле, Эл аралык ишкерлер кеңешинин аткарган ишине дагы токтолуп өттү.

***- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн «Преференциалдык калктуу конуштар жөнүндө» токтому кабыл алынган. Бул документ боюнча, 2019-жылдын 1-январынан кийин түзүлгөн ишканалар 5 жылдык мөөнөттө жана 10 жылга чейин узартуу мүмкүнчүлүгү менен салыктын төрт түрү боюнча – сатуу салыгынан, киреше салыгынан, жер салыгынан жана өндүрүштүк, экспортко багытталган жана инновациялык ишканаларды ишке киргизүүдө кыймылсыз мүлк салыгынан бошотулмакчы. Ушул боюнча өз оюңуз менен бөлүшүп кетсеңиз?***

- Чындыгында, бул ыкма республиканын аймактарында жана калктуу конуштарында экономикалык жана инвестициялык ишмердүүлүктү өбөлгөлөөгө багытталгандыгы белгилүү. Менин оюмча, бул чечим региондорду өнүктүрүү жана өлкөнүн санариптештирүү боюнча КР Президентинин Жарлыгынын негизинде кабыл алынды деп ойлойм.

Адатта, өкмөт салык наркын оңой менен азайтпайт. Бирок, ушундай чечим кабыл алынган болсо, демек багыт туура жолдо. Жалпысынан алганда, аймактардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү керек. Жер-жерлерде өндүрүш ишканаларын ишке киргизүү менен бирге заманбап технологиялар менен жабдып, жергиликтүү калкты жумуш орундары менен камсыз кылуу заман талабы. Ушундай эле ыкманы Өзбекстан дагы колдонуп, жүзөгө ашырууда. Менин билишимче, ал жакта ишкер алгачкы убакта салыктын бардык түрүнөн бошотулат. Учурда болсо, кичибизнестин ээлери салыктын бардык түрлөрүнөн бошотулушту. Эгерде, адам өз күчү менен иш ачып, жумуш менен камсыз болсо анда ал мамлекетке салык төлөбөйт.

Биз мына ушундай кадамдарды дайыма колдоп, мамлекетти дагы ушул багытта көмөкчү болууга чакырмакчыбыз. Ар дайым өкмөттү ыраатуу салык саясатын жүргүзүүгө чакырабыз. Эгерде, мамлекет салыктарды жогорулатуу жөнүндө чечим кабыл алса, анда ал мурда иштеп келген компаниялар үчүн мурункудай эле деңгээлде сакталып турушу абзел. Тактап айтканда, баланс болуусу зарыл.

***- Ишкерлер чөйрөсү Кыргыз Республикасындагы салык акысы башкаларга салыштырмалуу аз деген оюн баса белгилеп келишет, бул жаатта Эл аралык ишкерлер кеңешинин (ЭИК) ролу барбы?***

- Албетте, бар. Алардын айрымдарына токтоло кетсем. Мисалы, өткөн жылы экономика министрлиги тарабынан нак төлөмдөр үчүн сатуудан түшкөн салыктын ченин 2ден 5%га чейин жогорулатуу демилгеси көтөрүлүп чыккан. Биз өкмөттү андай кадамга барбоого ынандыра алдык.

Ошондой эле, тоо-кен компаниялары үчүн киреше салыгын мурунку деңгээлде калтырууга жетиштик. Биз Кыргызстандын алтын казып алуу тармагын ийне-жибине чейин изилдеп, анын мамлекеттин казынасына кошкон салымы тууралуу дагы бир катар иштерди аткардык. Чындыгында, кошумча бонустар компаниянын ишмердүүлүгүн илгерилетип, жаңы кендерди дагы издөөгө өбөлгө болуп бермекчи.

Эки жыл мурун, парламентти, баалуу металл кендерин жана кошулмаларын экспорттоодо бажы алымдарын киргизбөөгө ынандыра алдык. Мына, өкмөт менен мына ушундай ийгиликтүү иш алып баруунун негизинде чет элдик ишкерлер үчүн жагымдуу салык сиситемасын кармап турууга көмөкчү болуп келүүдөбүз. Чындыгында, биздин салык акысы башкаларга салыштырмалуу төмөн.

***- Өкмөттү салыкты көтөрбөөгө кандай жол менен ынандырып келесиздер, же бюджетти толтуруунун башка жолун сунуштайсыздарбы?***

- Биз салыкты жогорулатууну эмес, салык базасын, компанияларды көбөйтүүнү сунуштап келебиз. Бул ыкма бүтүндөй дүйнө жүзүндө колдонулуп, тастыкталган система. Канчалык деңгээлде салык акысы жагымдуу болсо, ошончолук деңгээлде жаңы ишканалар ачылып, саны көбөйөт. Албетте, муну менен катар бюджетке дагы акча көп түшөт.

***- Салык базасы көбөйүүдөбү, изилдөө иштерин жүргүзүп көрдүңүздөр беле?***

- Эгерде, тоо-кен тармагын алып көрсөк, 2015-жылы «Кумтөр» компаниясы гана ири салык төлөөчүлөрдөн болгон. Андан кийин, бир катар ири компаниялар өз ишмердүүлүгүн башташты. Мисалы, «Бозумчак» жылына 10 миллион АКШ долларынын тегерегинде салык төлөйт. «Алтынкен» компаниясы дагы ушул сумманын тегерегинде Кыргызстандын жылдык бюджетине киреше алып келүүдө.

Учурда, 10го чукул тоо-кен компаниясынан түшкөн салык Кыргызстандын жалпы салыктан түшкөн акчасынын 20%ын түзөт. Эгерде, дагы ушундай 10 ишкананы ишке киргизип алсак, анда бул дагы бюджетке бараандуу салым кошо тургандыгы белгилүү. Ошондуктан, бул багытта иш алып баруу заман талабы. Биз инвесторлорду коркутуп албообуз абзел. Алардын ийгиликтүү иш алып баруусу үчүн бардык ыңгайлуу шарттарды түзүп берүү керек. Эгерде, ишкерлерге жагымдуу шарттарды түзүп берсек, башка инвесторлор дагы тартылат. Алар өз кишилерине ишенишет. Ошондуктан, инвестор ыраазы болуусу зарыл. Бул багытта Кыргызстан тууралуу эң мыкты жарнаманы ишкерлер чөйрөсү кылат.

БИЗ САЛЫКТЫ ЖОГОРУЛАТУУНУ ЭМЕС, САЛЫК БАЗАСЫН, КОМПАНИЯЛАРДЫ КӨБӨЙТҮҮНҮ СУНУШТАП КЕЛЕБИЗ. БУЛ ЫКМА БҮТҮНДӨЙ ДҮЙНӨ ЖҮЗҮНДӨ КОЛДОНУЛУП, ТАСТЫКТАЛГАН СИСТЕМА.

***- Бизде инвесторлор үчүн ыңгайлуу шарттар түзүлгөндүгү тууралуу көп айтылып келет, бирок ошол эле учурда, ишкер менен жергиликтүү калк ортосунда түшүнбөөчүлүктөр көп болуп жаткандыгына күбө болуп жүрөбүз. Сиздин оюңуз боюнча, бул маселени кандай чечүүгө болот?***

- Чындыгында, бул оңой маселе эмес. Бул көйгөй комплекстүү иш алып барууну талап кылат. Биринчиден, эл арасында жеткиликтүү түрдө түшүндүрүү иштери жүргүзүлбөйт. Массалык маалымат каражаттарында терс ой-пикирлер абдан көп. Бул жерде ММКлардын ролу маанилүү. Коомдук телекөрсөтүү, басма сөз кызматтары бул социалдык кызматын жакшы аткаруусу керек. Албетте, баары эле жакшы иштебейт дегенден алысмын, бирок бул багытты дагы тереңдеп изилдеп, элге маалыматты туура жеткирүү абзел.

Муну менен катар эле, ушуга тиешелүү ведомстволордун жетекчилери өздөрү баш болуп, эл арасында жүрүп, жергиликтүү тургундар менен жолугушуп, түшүндүрүү иштери-

не катышуулары зарыл. Баары бир алардын айткандары элге жакшы таасир калтырат. Буга кошумча, ушул жааттагы ийгиликтүү окуялар дагы ашыктык кылбайт. Мисалы, «кайсы бир жердеги компаниянын ишмердүүлүгүнүн негизинде элдердин жашоосу кандай жакшырды, канча жумуш орундары түзүлдү, кандай өндүрүш ишканалары ачылды?» деген сыяктуу позитивдүү окуялар, маалыматтар дагы калкка керек.

Мындан тышкары, эл менен инвестордун ортосундагы карама-каршылыктарды атайын үчүнчү күчтөр дагы жаратып жатуусу толук мүмкүн. Өзүмчүлдүктүн негизинде жалпы элге кедергисин тийгизип, атайын туура эмес маалыматтарды жайып, эки тарапты кайчылаштырган учурлар дагы кездешет.

Дагы бир айта кетчү нерсе, компаниядан келген акча-каражаттары кээде жергиликтүү бийлик тарабынан туура колдонулбай калууда. Ошондуктан, аны туура бөлүштүрүү үчүн атайын иш алып баруу керек. Аймакты өнүктүрүү үчүн программа кабыл алынуусу абзел. Жеке гана мектеп, бала-бакчаларды куруу эмес, кайра өзүн-өзү жаап, киреше алып келе турган өндүрүш ишканаларын куруу зарыл.

Кээ бир учурда, жергиликтүү бюджетке мамлекет тарабынан бөлүнгөн акча, компаниядан түшкөн кирешенин эсебинен кыскартылып коюлат. Бул учурда, карапайым калк үчүн эч кандай айырма байкалбайт. Мына, ушундай себептер дагы эки тарапты бир-бирин түшүнүүсүнө өз кедергисин тийгизип келүүдө.

***- Кыргызстан энергетика, айыл чарба, туризм, тоо-кен, жеңил өнөр жай, транспорт жана курулуш тармактарынан сырткары дагы кайсы тармактарды инвесторлорго сунуштай алат?***

- Жогоруда айтылган тармактардан сырткары, албетте дагы башка кызматтарды ишкерлерге сунуштай алабыз. Мисалы, IT технологиялар. Кыргызстандын программисттери чындыгында күчтүү. Белгилүү болгондой дүйнөнү дүңгүрөткөн IT компанияларына программа жазып, иштеген мекендештерибиз бар. Бизде акыл эмгеги арзан.

Ошондой эле чалуу борборлору (колл-центр). Мисалы, Европада чалуу борборлорун Пакистанга куруп койгон учурлар кездешет. Себеби, Пакистан бир топ эле арзанга түшөт. Ал эми, чалып жаткан адамга анын эч кандай айырмасы жок. Эң башкысы ал өзүнө керектүү маалыматты алса болду да. Биздин эл эки тилдүү. Учурда, англис тилинде эркин сүйлөгөн жаштарыбыз дагы абдан көп. Ошондуктан, бизде дагы чалуу борборлорун ачууга толук шарт бар.

Мындан сырткары, билим берүү борбору болууга дагы мыкты мүмкүнчүлүктөрүбүз бар. Мисалы, жакында эле болуп өткөн Кыргызстан-Индия форумунда Индия тарап медицина жана башка адистиктерди даярдоо үчүн атайын институт куруу сунушу менен кайрылышты. Биз буга Казакстан, Өзбекстан жана башка мамлекеттердин жаштарын тартсак болот. Элдер эркиндик жана демократия бар мамлекетте окууну көздөшөт. Биз дал мына ушундай «Билим аралчасына» айланууга толук шартыбыз бар. Медициналык, тоо туризмин дагы өнүктүрүү заман талабы. Муну менен катар эле, каржы кызматтарын көрсөтө турган дагы компанияларды ачсак болот. Анткени, башка мамлекеттерде бул кызматтар абдан кымбат. Чындыгында, бизде ушул сыяктуу кызматтарды көрсөтүп, өнүктүрүү зарыл. Бул жаат дагы кирешелүү булактардын бири болуп саналат.

## ЭЛ АРАЛЫК ИШКЕРЛЕР КЕҢЕШИ ДЕГЕН ЭМНЕ?

Эл аралык ишкерлер кеңеши (ЭИК) - 2000-жылдын декабрь айында түзүлгөн бизнес-бирикме. Азыркы учурда ЭИК ири жана орто бизнес компанияларды бириктирет. ЭИК мамлекеттик бийлик органдарынын, жергиликтүү жана чет өлкөлүк уюмдар менен зарыл мыйзамдарды жана натыйжалуу иштөө ыкмаларын жана кызматташтыкты өнүктүрүп, Кыргызстанда ишке ашчу бизнес климаты түзүүгө көмөк көрсөтөт. Бүгүн биз ар түрдүү иш-чаралар менен ишкердик байланыштарды түзүүгө мүмкүнчүлүк берип, анын ичинде, анын мүчөлөрүнүн комплекстүү тейлөө кызматтары менен камсыз кылып, өлкөдөгү ири - бирикмелердин бири болобуз деп сыймык менен айта алабыз.

ЭИК жалпы пайыздыкты жылдыруу үчүн өзүнүн мүчөлөрүнө тиешелүү маалымат жана акыл-насааты менен камсыз кылат, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бийлик органдары менен бирге иштеп, актыларды жана натыйжалуу ишкердик ыкмаларды алдыга жылдыруу менен ишке ашчу бизнес климатты Кыргызстанда түзөт, ошондой эле ар кандай жергиликтүү жана чет өлкөлүк уюмдар менен иштейт.

Жигердүү ченем кабыл алып жана коомдук иш-чараларга катышып, ЭИК ишканалардын мыйзамдуу пайыздыктарын коргойт, жана өлкөдө жагымдуу салык климатын түзүүгө көмөк көрсөтөт. ЭИК өлкөнүн маанилүү багыттары боюнча жаңы ой-пикирлерди чогултат, жаратат жана таратат. ЭИК Кыргыз Республикасынын экономикасын өнүктүрүү үчүн дайыма көз карандысыз изилдөө жүргүзөт. ЭИКнин мезгилдүү маалыматтары мамлекеттин салым климатын билиш үчүн бизнес-коомчулукка, мамлекеттик секторго, өлкөдөгү бизнес-чөйрөгө жана жалпы коомчулукка жардам берет.

ЭИК эл аралык уюм эмес. ЭИК – Кыргызстанда катталган, өлкөнүн кызыкчылыгында иштеген коомдук коммерциялык эмес уюм. ЭИК коммерциялык эмес мүчөлүк уюм болуп, мүчөлүк төлөм эсебинен каржыланат. ЭИК ишмердүүлүгү ар кандай түрдөгү таасир тарабынан көз карандысыз болуп саналып, толук Ассоциациясынын мүчөлөрү тарабынан аныкталат.

Мүчөлөрдүн өкүлдөрүнөн турган ЭИКтин комитеттери Кыргыз Республикасынын ишкер коомчулугуна тийиштүү болгон бир катар маселелер боюнча ЭИКтин саясатын иштеп чыгышат жана көрсөтүшөт. Алар бизнестин алдында турган милдеттерди аныкташат жана баарынан маанилүүсү, ЭИКтин саясатынын позициясын иштеп чыгуу менен аларга түшүндүрмөлөрдү берүү жана толкуулоо жаатында иш алып барышат.

ЭИК 110го жакын компанияларды бириктирип турат, алардын 90у – инвестициялардын жалпы көлөмү 18 миллиард АКШ долларынан ашуун болгон тоо-кен казуу, банктар, телекоммуникациялар, консалтингдик кызматтар, өндүрүш ж.б. сыяктуу секторлордогу алдыңкы компаниялар.

## ЭИКтин ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ

Кыргыз Республикасындагы экономиканы жана ишкердикти өнүктүрүү жаатында мамлекеттик саясатка таасирин тийгизүүчү ири коммерциялык уюмдун бири болуу менен ЭИК бизнести жүргүзүү үчүн жагымдуу шарттарды түзүү максатында көптөгөн аянтчаларга мүчө болуп саналат, алсак алардын катарында: КРнын Туруктуу өнүктүрүү боюнча улуттук кеңеши; КР өкмөтүнө караштуу бизнести өнүктүрүү жана инвестициялар боюнча кеңеши; Ишкердик ишмердүүлүктү жөнгө салуунун мамлекеттик системасын реформалоо боюнча ведомстволор аралык комиссиясы; Жер казынасынын объектилерин пайдаланууу укугуна аукциондорду өткөрүү боюнча комиссиясы; Менчик укугун коргоо жаатында мамлекеттик органдардын ишине жарандык мониторинг жүргүзүү боюнча комиссиясы; Инвестициялар чөйрөсүндө мыйзамдарды мыктылоо үчүн сунуштарды даярдоо боюнча ведомстволор аралык жумушчу тобу; КР өнөр жай, энергетика жана жер казынасын пайдалануу мамлекеттик комитетинин алдындагы жер казынасын пайдаланууну жөнгө салуу маселелери боюнча комиссиясы; министрликтердин жана ведомстволордун алдындагы 30дан ашык Коомдук байкоочу кеңештери (КБК) ж. б. бар.

ЭИК мыйзам процессине активдүү катышып келет, атап айтсак:

2012-жылы ЭИК эксперттери тарабынан жер казынасын пайдалануу жөнүндө биринчи («Жер казынасы жөнүндө», «КРнын Жер кодексине толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө», «КР Салык кодексине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө», «Салыктык эмес төлөмдөр жөнүндө» «КР Мыйзамына толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» КР Мыйзамдарынын долбоорлору) жана экинчи («КРдагы концессиялар жөнүндө», «Тоо-кен концессиясы жөнүндө», «Продукцияларды бөлүштүрүү тууралуу макулдашуулар жөнүндө», «КР Салык кодексине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» КР Мыйзамдарынын долбоорлору) мыйзам долбоорлорунун пакеттерине комментарийлер жана сунуштар берилген;

2012-жылдын 28-сентябрында – ЭИК «КР территориясынан чыгарылып кете турган товарларга алынуучу (экспорттук) бажы алымдарынын ставкаларын аныктоо жөнүндө» КР ЖКнын токтомунун долбооруна сын-пикирлери жана сунуштары менен кат жолдогон, ал токтомдо ТН ВЭД 2616 коду менен классификацияланган рудаларга жана баалуу металлдардын концентраттарына алынуучу (экспорттик) бажы алымдарынын аныкталышы каралган. Андан сырткары, 2012-жылдын 4-декабрында ЭИКтин өкүлдөрү ушул маселе боюнча КР ЖКнын Отун-энергетикалык комплекси жана жер казынасын пайдалануу боюнча комитетинин отурумунда чыгып сүйлөштү. Натыйжасында, аталган комитет ЭИКтин комментарийлерин эске алып, токтомдун долбоорун кем жерин иштеп чыгууга жөнөттү;

2013-жыл – ЭИКтин ишинин натыйжасында КР салык кодексинин 217-беренесине киргизилген түзөтүүлөр өзгөртүлдү. 2013-жылдын 1-январынан тартып күчүнө кирген түзөтүүгө ылайык, ишканалар жана бөлөк чарбачылык субъектилеринин мойнунда пайда салыгына квартал сайын түшкөн акчанын 1%ы өлчөмүндө кошумча сумманы төлөп туруу милдеттенмелери болгон. ЭИК бул өзгөртүү менен макул болгон жок, анткени авансылык төлөмдөр пайда салыгы боюнча алдын ала төлөм болуп саналат, демек, алардын эсеби пайда салыгынын салык салына турган базасынын негизинде жүргүзүлүүгө тийиш. Мыйзамдын долбоору (бардык тарапты биринчи абалына алып келе турган КР СКнын 217–беренесине киргизилген түзөтүү) үчүнчү окууда кабыл алынган жана 2013-жылдын 18-апрелинде президент кол койгон.

Жогоруда көрсөтүлгөн мыйзам долбоорлорунан сырткары ЭИК бөлөк ченемдик укуктук актыларды талкуулоого активдүү катышкан, анын ичинде банк операцияларын жана бүтүмдөрдү жүргүзүүгө тыюу салынуу каралган «КРдагы банктар жана банктардын иши жөнүндө» КР Мыйзамына толуктоолорду киргизүү жөнүндө КР Мыйзамынын долбоору боюнча; «КРдагы эркин экономикалык аймактар жөнүндө» КР мыйзамынын жаңы редакциясынын долбоору, «КР Салык кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» КР Мыйзамынын долбоору, ошондой эле «Административдик иш жана административдик процедуралар жөнүндө» КРнын Конституциялык мыйзамынын долбоору боюнча ж.б.

Негизги операциялык жана институттук ишмердүүлүгүнөн сырткары ЭИК көп жылдар аралыгында эл аралык донордук уюмдардын колдоосу менен ар кандай долбоорлорду жүзөгө ашырууга катышып келет.

2012-жылы ЭИК Европа бирлигинин, GIZтин долбоору боюнча, USAID «Реформа» долбоору боюнча иштеген.

ЭИКтин башкы өнөктөшү Эко- жана агротуризмдин Европалык борбору (ECEAT) болгон «Кыргызстанды жана Борбор Азияны туруктуу өнүктүрүү үчүн бизнес-ассоциацияларды бекемдөө» долбоорунун алкагында төмөнкүдөй натыйжаларга жетишилген:

9 негизги туристтик бизнес-ассоциацияларды жана республиканын үч облусун бириктирген «Кыргызстандын туризмин алдыга жылдыруу жана өнүктүрүү боюнча кеңеши» коомдук фонду түзүлгөн;

Кыргызстандын аймактык маркетинги үчүн конкурс менен логотип жана жарнамалык лозунг тандалып алынган жана туризмди илгерилетүү үчүн веб-сайт түзүлүп, кийин КР Маданият жана туризм министрлигине берилген;

2012-жылдын 6-7-декабрында Бишкекте туризм боюнча «Борбордук Азияда туристтик секторду биргелешип алдыга жылдыруу жолунда» аттуу эки күндүк регионалдык конференция болуп өттү.

2013-жылы ЭИК «20 жылга Кыргызстандын экономикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясынын «жол картасын» түзүү жолунда» деген жергиликтүү өнүктүрүү боюнча USAIDдин Программасынын долбоорунун аткаруучусу болду.